УДК: 9 (С54)24

*Абдалиева Г. К., т. и. к., доцент, gulzadaabdalieva@gmail.com*
*Иманова Д. PhD.Dr, Dinar777iman@gmail.com*
*И. Арабаев ат. КМУ*

# Ж. АБДРАХМАНОВ КОЛЛЕКТИВДЕШТИРҮҮ МЕЗГИЛИНДЕ КЫРГЫЗДАРДЫН КЫТАЙГА АРГАСЫЗ ЖУРТ КОТОРУШУНУН СЕБЕПТЕРИН АЧЫП КӨРСӨТҮШҮ

*Макалада Ж. Абдрахманов коллективдештирүү мезгилинде кыргыздардын аргасыздан журт которушунун негизги себептерин ачып көрсөткөнү талдоого алынган. Кыргыздардын журт которушунун негизги себептери катары совет бийлигинин кулакка тартуу саясаты, бай-манаптарга кысым көрсөтүү, пахта, дан жыйноо, саясаттын кесепеттери көрсөтүлгөн.*

*Совет бийлигинин акыйкатсыз, күч колдонуу саясаты мажбурлоо жолдору менен жүргүзүлгөнүнүн натыйжасында, өлкөнүн белгилүү саясий ишмерлери жазыксыз айыпталып, репрессияланган.*

*Бул макаланы жазууда архивдик маалыматтар жана Ж. Абдрахмановдун жеке күндөлүгү негизги булак болуп эсептелди. Архивдик булактарга жана жарыяланган изилдөөлөргө негизделген макалада 1930-1931-жылдардагы коллективдештирүү саясатынын ишке ашырылышы каралат.*

***Өзөктүү сөздөр:*** *Ж. Абдрахманов, коллективдештирүү, Кытай, журт которуу, совет бийлиги, көтөрүлүштөр.*

*Абдалиева Г. К., т. и. к., доцент, gulzadaabdalieva@gmail.com,*
*Иманова Д.* PhD.Dr, *Dinar777iman@gmail.com*
*КГУ им. И. Арабаева*

# Ж. АБДРАХМАНОВ О ПРИЧИНАХ ВЫНУЖДЕННОЙ МИГРАЦИИ КЫРГЫЗОВ В КИТАЙ В ГОДЫ КОЛЛЕКТИВИЗАЦИИ

*В статье анализируется раскрытие Ж. Абдрахмановым основных причин вынужденной миграция кыргызов в Китай в период коллективизации. Он отметил, что основными причинами вынужденной миграции послужила политика Советского правительства раскулачивания, сбор урожая хлопка и зерна, а также последствия этой политики.*

*В результате несправедливой принудительной политики Советского правительства видные политики невинно обвинялись и преследовались.*

*При написании статьи использовались архивные данные, а также личный дневник Ж. Абдрахманова.*

*В статье на основании архивных источников и опубликованных исследований рассматривается проведение политики коллективизации в 1930–1931 гг.*

***Ключевые слова:*** *Ж. Абдрахманов, коллективизация, Китай, вынужденная миграция, советская власть, восстание.*

*Abdalieva G. K., Phd in History, Associate Professor, gulzadaabdalieva@gmail.com*
*Imanova D., Phd, Dinar777iman@gmail.com*
*I. Arabaev KSU*

# J. ABDRAKHMANOV ON THE REASONS FOR THE FORCED MIGRATION OF KYRGYZ PEOPLE TO CHINA DURING THE YEARS OF COLLECTIVIZATION

*In the article Zh. Abdrakhmanov outlined the main reasons for the forced migration of Kyrgyz people to China during the period of collectivization. He noted that the main reasons for forced migration were the Soviet government's policy of dekulakization, the harvesting of cotton and grain, as well as the consequences of this policy. When writing the article was used archival data, as well as a personal diary of J. Abdrakhmanova.*

*As a result of the unjust coercive policy of the Soviet government, the prominent politicians were innocently accused and persecuted.*

*Based on archival sources and published research, the article examines the implementation of the collectivization policy in 1930–1931.*

***Key words:*** *J. Abdrakhmanov, collectivization, China, forced migration, Soviet power, uprisings.*

И. Сталин тарабынан 1929-жылдын декабрь айында берилген кулактарды тап катары жоюу жөнүндөгү көрсөтмөсү жана БКП(б) Бкнын 1930-жылдын 30-январында “Туташ коллективдештирүү райондорунда кулак чарбаларын жоюу боюнча иш-чаралар жөнүндөгү” токтому жер-жерлерде токтоосуз ишке ашырыла баштаган. Дан жыйноо жана мамлекетке аны төгүү маселеси тоолуу аймактарда өтө чоң кыйынчылыктарды жараткан. Анткени тоолуу аймактарда айдоо аянттары дээрлик жок болгондуктан, ал жердегилер мал-жандыктарын сатып, эгин сатып алууга аргасыз болушкан. Ал эми айрымдары мындай кыйынчылыктардан кутулуу максатында чет өлкөлөргө журт которууга аргасыз болушкан.

Совет мамлекетинин коллективдештирүү саясаты кыргыз эли үчүн трагедиялык окуялардын бири болгон. Анткени бул жылдары Кыргызстандан Кытайдын Синьцзян аймагына журт которуп кетүү кыймылынын кезектеги массалык түрдө күч алышы байкалган.

Ж. Абдрахманов 1916-жылдагы кыргыздардын Россия империясына каршы көтөрүлүштүн кесепетинен чет элде, чет жерде “качкын” турмушту өз керт башынан өткөргөндүктөн, күндөлүгүндө мындай жазган: “1916-жыл мен (Ж. Абдрахманов) Кытайга качкан жер “Түз-Ашуу” ашуусунун этегинде, Эңилчек дарыясынын жогор жагында бир тууганымды түбөлүккө калтырдым, ошол жерде атам ооруй баштады. Азыр мен атамдын дайым сүйкүмдүү тартып турган жүзүн, агамдын сулуу, олуттуу жана жүзүндө катаалдыктын изи бар бетин даана эстеймин. Андан бери 14 жыл өттү, кымбат адамдардын өң-келбеттери унутулбайт. Анда, атам менен агамдан бир жумада ажырап, тирөөчсүз жана жардамсыз калганда ыйлаган эмесмин, азыр болсо ошол мезгилди ойлосом, негедир жаман болуп кетип жатам”, - деп жазган [1: 199]. Ж. Абдрахманов 14 жылдан кийин өзү мамлекеттик ишмер катары совет бийлигинин жүргүзүп жаткан саясий багыттарынын, жогорудан берилген пландардын катачылыгын

көрө билген жана совет доорунда жергиликтүү калктын Кытайга аргасыз журт которушунун себептерин ачып көрсөткөн.

1920-1931-жж. кыргыздардын массалык Кытайга журт которууларынын ***биринчи*** себептери катары кулакка тартуу саясатын белгилеген.

БКП(б) БКнын саясий бюросу "Туташ коллективдештирүү жүргүзүп жаткан райондордогу кулак чарбаларын жок кылуу иш-чаралары жөнүндө" токтом кабыл алган. Ал токтомго ылайык, кулактар 3 категорияга ажыратылып, биринчи категорияга контрреволюционерлер, террористтик актыларды жана козголоңду уюштуруучулар, ал эми экинчи категорияга бай-кулактардын чарбалары жана үчүнчү категорияга калган кулактар киргизилген. Кулактарга каршы совет бийлиги аёсуз күрөш жарыялаган.

Ал өзүнүн күндөлүгүндө: "Колхоздордо бай-кулактык кысым көрсөтүү, пахта жана эгин жыйноо абдан начар абалда. Кысымды күчөтүштү. Пахтаны жана эгинди алдык, бирок ошол эле учурда келечектеги басмачылардын аскерин даярдап жаткан жокпузбу? Абдан ыктымал. Шахрайга бул тууралуу айттым. Биздин жетекчилер кандай ойлонушарын билбеймин, бирок алардын көрсөтмөлөрүн алысты көрө билген саясатчылардын көрсөтмөлөрү деп айтууга болбойт. Үймө-үй кыдырып текшерүү, колхозчуларды репрессиялоо – булардын баары биздин дыйканчылыкка болгон таасирибизди бекемдей албай турган нерселер – деп жазган [1: 206].

Кытайга журт которуп кетүүнүн ***экинчи себеби*: ** совет мезгилиндеги мажбурлап коллективдештирүү түшүм жыйноонун кескин төмөндөшүнө алып келген. Бирок мындай абалга, түшүм жыйноонун төмөндөгөнүнө карабай эгин, пахта даярдоонун көлөмү өскөндүгүн белгилеген.

Ж. Абдрахманов андан ары өз күндөлүгүндө төмөндөгүдөй ой жүгүртүүлөрү менен бөлүшөт: "Биз социализм дооруна кирдик..." дейбиз да, дыйкандардын үйүнө кирип барып пахта издейбиз. Социализм... жана дыйкандардын короосун тинтүү...

Пахта издеп сөгүлгөн жуурkaндар жана жаздыктар, кээ бирлери пахта ордуна жууркандын жүнүн беришти. Дыйкандардын басымдуу бөлүгү уруктук үрөнсүз калышты, көптөрү акыркы саан уюнан айрылышты.

Малым менин – душманым дешет малчылар; эгер биз халат тиге албасак, анда неге пахта айдайбыз, - деп сурашат дыйкандар. Мунун баары − антисоветтик үгүт үчүн жагымдуу кыртыш. Абал абдан олуттуу, бирок бул абалды эч ким түшүнбөйт, эртең адамдын өмүрү менен жооп берип калбас бекенбиз?

Совет бийлиги − акылы бар, эси жок", - деп сыпаттап [1: 218-219], совет бийлигинин жүргүзгөн саясатынын туура эмес багытта бара жаткандыгына токтолот. Мындан совет бийлигинин эгиндин, пахта жана эттин пландарынын кескин өсүшү менен малчынын, дыйкандын кандай оор кырдалга туш болгонун көрүүгө болот.

Ал эми дан эгиндеринин жана пахтанын планынын өсүшү боюнча Ж. Абдрахманов мындай деп жазат: "Кайрадан пахта себүүнүн жаңы планы. Бул бешинчиси. Себүү башталганга чейин дагы канчасы болот? Биздин пландуу ишибизде эң көп плансыздыктар бар. Бул үчүн, кыязы, жооп беребиз. Бюджеттин абалы жаман. Өсүү кыйынчылыгы ушунчалык кыскандыктан, биз жок болуунун алдындабыз деп ойлоого болот" – өзүнүн ой толгоолорун күндөлүгү менен бөлүшүп олтурат [1: 215].

Ж. Абдрахманов туура белгилегендей, мамлекетте колхоз-совхоздордон жыйналган пахта, дан эгиндеринин, малдарынын бардыгы күч менен тартып алынып турган. Алынган эгиндер шаарларды камсыздоого жана экспортко жөнөтүлгөн. Ачарчылыкка кабылбас үчүн дыйкандар колхоздун эгиндерин уурдоого аргасыз болушкан. Ууру кылгандардын мүлкү конфискацияланып, 10 жылга же андан ашык мөөнөткө эркинен

ажыратылып, айрымдары өлүм жазасына тартылган. Ошентип, колхоздоштуруу мезгилинде массалык түрдө камакка алуулардын уланышы менен, республиканын аймактарындагы убактылуу кармоо жайлары жана жаза өтөөчү абактар жык толуп, оор абалга туш болгон. Мисалга 1929-жылдардагы абалды алып карай турган болсок, абактар жалпы эсеп менен 112% толуп кеткенин төмөндөгү таблицадан ачык көрүүгө болот.

Камактагылардын саны жана абалы боюнча билдирүү

| № | Камакка алынгандардын жайгашкан жерлери | Камактагы лардын саны | Маалымат берилген мезгили | Абактын толушу % |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Фрунзе ш. (ЦИТД) | 352 | 1929-жылдын 1-майдагы маалыматы боюнча | 88% |
| 2 | Ош ш. (МТД) | 175 | 1929-жылдын 1-майдагы маалыматы боюнча | 116% |
| 3 | Каракол ш. | 207 | 1929-жылдын 1-апрелиндеги маалыматы боюнча | 138% |
| 4 | Нарын ш. (Домзак) | 85 | 1929-жылдын 1-апрелиндеги маалыматы боюнча | 170 % |
| 5 | Талас ш. (Домзак) | 46 | 1929-жылдын 1-апрелиндеги маалыматы боюнча | 115% |
| 6 | Жалал-Абад ш. (Домзак) | 66 | 1929-жылдын 1-майдагы маалыматы боюнча | 165% |
| | Жалпы | 933 | | 112% |

Ал эми Нарын шаарындагы абак 50 адамга эсептелинген болсо, ал жерде 85 адам кармалып тургандыгы жөнүндө билдирүүлөрдү да жолуктурууга болот [2].

Ж. Абдрахманов тажрыйбалуу саясатчы болгондуктан, калктын совет бийлигине болгон нааразычылыгынын күндөн-күнгө өсүп бара жаткандыгын таасын баамдаган. Ал гана эмес, айрым чарбалардын жазында Кытайга кетүүгө даярданып жатышкандыгын да Шахрайга билдирүү жасаганын айткан:

“Каракол районунан бир дыйкан менен сүйлөштүм. Ал жазында кыргыздар текши Кытайга качышат дейт. Бул көрүнүштү көз алдыга келтирүү кыйын, ушуну эле, т. а., качуу тууралуу Ысык-Көл районунун РАК (*Райондук Аткаруу Комитети – Г. А.*) төрагасы да айтууда. Бул сөздөр тууралуу Шахрайга билдирдим.

Жаздын келиши менен кыргыздар Кытайга каччудай болуп турат (Кыргызстандан 40 чарба качып кетти). Кырсык, бирок кыргыздардын качуусунда эмес, а жумуш боюнча кесиптештеримди качуу мүмкүнчүлүгүнө ынандыра албаганымда жана алдын алуу чараларын кабыл алдыра албай турганымда» - деп жазган [1: 232-237].

Демек, Ж. Абдрахмановдо кыргыздардын Кытайга журт которууга даярданып жаткандыгы боюнча маалыматтар болгон. Ал күндөлүгүндө жазган ой толгоолорунда аргасыз журт которуунун себептерин ачык эле көрсөтүп берип жатат. Бирок, тилекке каршы, ал партиялаштарын, үзөнгүлөштөрүн ынандыра албагандыктан, алдын-алуу иштерин жүргүзүлбөгөндүгүн белгилейт. Ошондой эле Ж. Абдрахманов Шахрайга калкка карата совет бийлигинин кысымы күчөп бара жаткандыгын, анын себебинде кыргыздардын Кытайга качууга даярданып жатканын баса белгилеген.

***Совет бийлигине каршы көтөрүлүштөр жана Кытайга аргасыздан журт***

***которуу***

Ж. Абдрахманов 1931-жылы 30-июлда күндөлүгүнө: “Мен жокто (эс алууда жүргөндө) Кыргызстан бир нече жагымсыз окуяларды башынан кечириптир. Ысык-Көл, Нарын, Ат-Башы, Балыкчы Тамбовдогудай окуяларга жүз бериптир” – деп жазган.

Ошентип, коллективдештирүү саясатынын кесепетинен Кыргызстандын түндүк аймагында коллективдештирүүгө каршы кыймылдар менен коштолгондугун Ж. Абдрахманов баяндап берип жатат. Аларга Таластагы Дмитриевка, Ысык-Көлдөгү Балыкчы, Темировка, Нарында Ат-Башыда болгон көтөрүлүштөрдү киргизүүгө болот.

Таластагы Дмитриевкадагы көтөрүлүштө жергиликтүү тургундар абакка кол салышып, камактагы 53 адамды жана өлүм жазасына өкүм кылынган 2 адамды бошотушат. Талас кантонунун БКП(б)нын жана аткаруу комитетинин имараттарынын терезелери талкаланат. Бул көтөрүлүш басылгандын кийин 1930-жылы 8-июнда Согуш трибуналынын кезексиз көчмө сессиясынын соттук отурумунда Талас кантонунун канчалаган адамдар сот жообуна тартылган [2].

Архивдик маалыматтарда Темировка көтөрүлүшү 1931-жылы болуп, анын катышуучулары аёосуз жазаланышканы айтылат. Мисалга алсак, Кененсариев Кудабай, Романов Карабайды “коллективизацияга каршы чыгып, элди Кытайга качууга үгөттөгөн,” деген айып коюлган [3]. Ошондой эле Багышбеков Мамытбек Ысык-Көлдө Чоң-Аксуудагы көтөрүлүштү уюштуруу тобуна кирген жана Темировка көтөрүлүшүнүн катышуучусу болгондугун архивдик маалыматтардан кездештирүүгө болот [3].

Мындан сырткары, Темировка көтөрүлүшүнө катыштыгы бар деп, 1932-жылы 31-декабрда Каракол шаарында:


1. Элеманов Мамырбай – 60 жашта, Шапак айылынын тургуну;
2. Ованбаев Мажитай – 60 жашта.

РСФСРдын Жаза кодексинин 59. п.3. беренеси менен айыпталып, өлүм жазасына өкүм чыгарылган [4].

1931-жылы Ысык-Көлдө Темировка, Бостери, Балыкчы жана Жети-Өгүз айылдарынын тургундары көтөрүлүшкө чыгышкан. Аталган көтөрүлүштөр басылган соң, куугунтукка туруштук бере алышпастан, дыйкандар Кытайга качууга бел байлашкан. Балыкчы районундагы 1931-жылдын 30-мартындагы эмиграциялык толкундоолор жөнүндөгү документте: «ГПУ органдары тарабынан бай-манаптарга карата камаккка алуу башталгандан тартып, февраль айларында Кытайга карай эмиграциялык кыймылдар күч алып, 56 чарба Синьцзяндын аймагына өтүп кетишкен. Бирок 16 чарбаны кайрадан күч колдонуу менен кайтарып келдик - деп белгиленген [5].

Нарын жана Ат-Башы районунундагы көтөрүлүш жана эмиграциялык абал 1931-жылдын 13-июлунда Кыробкомдун бюросунда талкууланган. Анда: «Бай-манаптарга карата жүргүзүлгөн репрессиялар, партиялык советтик кооперативдик уюмдардагы «антисоветтик элементтердин» таасирлери, айрыкча, «Черик» уруусунун Ат-Башы районунда элдик нааразылыктарын жаратып жаткандыгы жана бул аймакта бай-манаптардын таасирин азайтуу үчүн райком партиянын жетекчилери түшүндүрүү иштерин жүргүзүү керек» - деп токтом кабыл алынган [6]. Бул көтөрүлүштүн жетекчилери Абдылда Жаанбаев, Кулчун Умралиев, Кызылакун Молдояров, Казыбек Мамбетеминовдор болушкан. Ал гана эмес, архивдик маалыматтарда кийин Ж. Абдрахмановдун өзүн кыргыздардын Синьцзянга качуусуна түздөн-түз катыштыгы бар деп айыпташып, “Акчубак” көтөрүлүшүнүн жетекчилеринин бири Синьцзяндагы Абдылда Жаанбаев менен байланыштыгы бар деп күнөө тагышкан [7].

Чындыгында, Жусуп Абдрахманов Абдылда Жаанбаев менен эч байланыштыгы болбогондугун архив материалдары тастыктайт.



Сов. секретно.

11
86

С П Р А В К А

ов Киргиз, из рода "Саяк", рождения 1896 года, уроженец селения Черкей, Каракольского р-на, сын крупнейшего бае-манапа, бия и водуправителя.

Ю. АБДРАХМАНОВ был Пред. СНК Кир. ССР, разоблачен как буржуазный к. р. националист, исключен из рядов ВКП/б/, в настоящее время проживает в г. Оренбурге, работает в ОблЗУ.

Возглавлял и проводил в жизнь к. р. националистическую политику в Киргизии, боролся за изгнание "русских" из Киргизии. Был инициатором создания антипартийной группировки "тридцатка", объединившей все местные националистические течения для борьбы с "русским засилием". Внешне АБДРАХМАНОВ был в стороне от "тридцатки". Имеющиеся документы свидетельствуют о том, что Ю. АБДРАХМАНОВ был организатором и вдохновителем этой группировки.

Приводим текст этого документа:

"Тов. РАХМАНКУЛ (ХУДАЙКУЛОВ)!

В настоящее время положение в Киргизии Вам известно. В Кироблости не допускается коренной пролетариат к поводу. Я бы желал и прошу в дальнейшем создать мирный союз с кирработником, необходимо сделать подбор европейцам, очистить область от остальных колонизаторов, поговорите с Уразбековым и на будущий пленум составьте план. Подумайте хорошенько, что т. Каменский в Москве некоторым говорил: "Вас скоро освободим от работы в Киргизии". Есть пословица "гору нельзя присоединить к горе, а людей можно".... постарайтесь создать мирный союз Кирработников.

Юсуп Абдрахманов

г. Ташкент, 5/У-1925 года".

Препятствовал проведению в жизнь постановления ЦК ВКП/б/ о вывозе из Киргизии сельхоз сырья и хлеба.

По агданным, Ю. АБДРАХМАНОВ имел отношение к искусственной эмиграции киргиз в Синь-Цзян, поддерживал связь с известным бандглаварем и англоагентом АБДУЛЛА ДЖААМБАЕВЫМ (расстрелян в 1935 году).

По имеющимся последним агданным (проверенным) Ю. АБДРАХМАНОВ поддерживает связь с рядом к. р. националистов, проживающих в Киргизии.